**Ак-Талаа районунда 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 30-июнуна чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин**

**ОТЧЁТУ.**

**Аудит өткөрүүнүн негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн иш планы

**Аудиттин максаты:** жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына шайкештик аудит

**Аудиттин мөөнөтү**: 2021–жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 30-июнуна чейинки мезгил аралыгы

**Аудиттин обьектилери:** Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ак-Талаа финансы башкармалыгы, Ак-Талаа райондук өнүктүрүү Фонду, Ак-Тал, Ак-Чий, Баетов, Жаны-Талап, Жерге-Тал, Көк-Жар, Кош-Дөбө, Конорчок, Кара-Бүргөн, Кызыл-Белес, Терек, Тоголок-Молдо, Үгүт айыл өкмөттөрү, "Баетов таза суу, таза аймак" муниципалдык ишканасы.

**Жооптуу тарап**

Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ак-Талаа финансы башкармалыгы, Ак-Талаа районунун айыл өкмөттөрү бул аудиттин жооптуу тарабы болуп саналат.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Жогорудагы аталган тараптардын жалпы милдетине мамлекеттик каражаттардын тескелиши жана мыйзамдуу орган тарабынан ыйгарым укуктарды жүргүзүү кирет, ошондой эле ушул аудиттин предметине жооптуу болушат.

**Аудитордун милдети**

Милдет болуп, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Ак-Талаа районунун 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 30-июнуна чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышы боюнча иш-аракеттери мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкеш келээрине өз алдынча тыянак чыгарууга алып келет.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышы Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын (мындан ары–ЧУА) талаптарына шайкеш келиши болуп эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн убакыттын ичинде аудитке киргизилген суроолор:

- бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнүн негиздүүлүгүнө аудит;
- атайын эсептердин каражаттарын пайдалануусунун жана кирешелерди алуусунун негиздүүлүгүнө аудит;
- эмгек акыларынын чыгымдары боюнча аудит;
- командировкалык чыгымдарга аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын сактоосуна аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы;
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- коммуналдык кызматтар боюнча чыгымдардын лимиттеринин сакталышы;
- подотчеттук жактардын эсептешүүлөрүнө аудит;

- арендалык мамилелерге аудит;
- капиталдык ремонттордун чыгымдарына аудит.

**Аудит критерийлери**

Критерий деп, бюджеттик каражаттарды мыйзамга ылайык пайдаланылышынын шайкештигин баалоо эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Жер Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 28-мартындагы №207 "Жашыруун мүнөздөгү иш жана жашыруун иш кагаздарын жүргүзүү үчүн кызмат маяналарына проценттик үстөктөрдү төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманы бекитүү тууралу" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-январындагы №22 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралу" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автоунааларын кыскартуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражаттарын үнөмдөө боюнча ченемдери жөнүндө" токтому (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-январындагы №9 токтомуна ылайык күчүн жоготкон);
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону";
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралу" токтому.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген, ошондой эле, Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык, негизинен ISSAI 400 жана ISSAI 1400, шайкештик аудити жөнүндө жетектөөчү көрсөтмөлөр жана INTOSAIнин негиз салуучу принциптерине ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан көрсөтүлгөн иш кагаздарынын, материалдарынын жана маалыматтарынын негизинде жүргүзүлдү.

Аудит үчүн финансылык отчеттуулукта жана беренелердин олуттуу тандоосунда келишимдердин жана калдыктардын бурмалануу тобокелдигин баалоо максатында босоголук маанидеги ченемдери боюнча олуттуу эсептери үчүн Форма 3 пайдаланылган.

**Корутунду**

Аудитте, Ак-Талаа районунун жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын иш-аракеттери төмөндө жазылган жагдайлардан сырткары, бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына туура келээри аныкталды.

АУДИТТЕ АНЫКТАЛДЫ:

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен табылган баардык финансылык бузуулардын жалпы суммасы **20363,2 миң сомду** түзгөн, калыбына келтирилүүчүлөр **1053,7 мин сом**. Калыбына келтирилгени **17,3 миң сом**, анын ичинен:

- бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши (1101) **10,4 миң сом**;
- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн жана кайтаралышын камсыз кылуу боюнча чаралардын көрүлбөшү (2102) **1124,3 миң сом**;
- Кыргыз Республикасындагы бюджеттик тутумдун бюджетинин каражаттарын максатсыз пайдалануу (2301) **65,8 миң сом;**
- капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюджеттик каражаттарды пайдаланиуудагы бузуулар" (2302) **44,7 миң сом;**
- милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар (2303) **559,0 миң сом;**
- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттин аткарылышындагы башка кемчиликтер жана бузуулар (2401) **53,9 мин сом**;
- мүлктү сактоонун камсыздалбашы (3101) **11,7 миң сом;**
- бухгалтердик эсеп жөнүндө ченемдик укуктук актыларын бузуу (4102) **5,5 миң сом;**
- эсептүүлүк жана отчеттуулук тартибинин башка бузуулары (4103) **5,6 миң сом;**
- мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар (5101) **18482,3 миң сом.**

Мындан тышкары 18 (он сегиз) жол-жоболук бузуулар аныкталган**.**

*01.01.2021-30.06.2023-жылдар үчүн жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы.*

2021-жылдын башына каражаттардын эркин калдыгы 15990,2 миң сом, анын ичинен: 15276,4 миң сомун бюджеттик каражаттар, 713,8 миң сомун атайын каражаттар түзөт.

2021-жылга Ак-Талаа районунун жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша боюнча бекитилген жалпы суммасы 97815,7 миң сом, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр боюнча пландалган сумма 29881,0 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 14536,6 миң сом, республикалык бюджеттен өз ара берилүүчү теңдөөчү трансферт планы 53398,1 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү такталган план боюнча (эскертүү: республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 2021-жылдын планын тактоодо КР Финансы министирлиги аркылуу планга киргизилген) 119686,3 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр 38881,0 миң сом, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге 14872,6 миң сом, трансферттер 65932,7 миң сом, анын ичинен: республикалык бюджеттен өз ара берилүүчү максаттуу трансферттер 12534,6 миң сом, тендөөчү трансферттер 53398,1 миң сомду түзгөн.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 120361,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 42588,7 миң сом, 3707,7 миң сомго ашык аткарылган же 109,5 %, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 11840,4 миң сом, же 3032,2 миң сомго аз аткарылган, же 79,6%, республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 65932,7 миң сом же 100,0%.

*2021-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү* 89,8% аткарылган же планда такталган сумма (актив жана милдеттенмелери менен бирге) 135676,5 миң сом, кассалык чыгымдар 121779,2 миң сом. Анын ичинен: *“Мамлекеттик кызмат көрсөтүү”* бөлүгү боюнча планда 59454,3 миң сом, фактылай 57272,1 миң сомго аткарылган (96,3%), *“Экономикалык маселелер”* бөлүгү боюнча планда 3881,2 миң сом, фактылай 3685,4 миң сомго аткарылган (95,0%), *“Турак жай жана коммуналдык кызмат”* бөлүгү боюнча планда 23559,0 миң сом, фактылай 18942,9 миң сомго аткарылган (80,4%), *“Эс алуу, маданият жана дин”* бөлүгү боюнча планда 10384,7 миң сом, фактылай 9764,7 миң сомго аткарылган (94,0%), *“Билим берүү”* бөлүгү боюнча планда 30856,5 миң сом, фактылай 24595,1 миң сомго (79,7%), *“Социалдык коргоо*” бөлүгү боюнча планда 7540,8 миң сом, фактылай 7519,0 миң сомго аткарылган (99,7%).

2022-жылдын башына каражаттардын эркин калдыгы 14634,1 миң сом, анын ичинен: 13497,4 миң сомун бюджеттик каражаттар, 1136,7 миң сомун атайын каражаттар түзөт.

*2022-жылга Ак-Талаа районунун* жергиликтүү бюджетинин активдердин жана милдеттенмелердин эсеби менен кирешелери жана чыгашалары (атайын каражаттар жана теңдөөчү гранттар менен чогуу) жалпы суммасы 96533,8 миң сомго бекитилген, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр боюнча пландалган сумма 42383,0 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 14300,8 миң сом, трансферттер 39850,0 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү такталган план боюнча (эскертүү: республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 2022-жылдын планын тактоодо КР Финансы министрлиги аркылуу планга киргизилген) 164874,8 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык кирешелер 60838,2 миң сом, салыктык эмес кирешелер 21912,3 миң сом, өз ара берилүүчү максаттуу трансферттер 42274,3 миң сом, теңдөөчү трансферттер 39850,0 мин сом.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 165103,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 63762,2 миң сом, 2924,0 миң сомго ашыкча аткарылган же

104,8 %, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 19734,0 миң сом, же 2178,3 миң сомго аз аткарылган, же 90,1 %. Республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 81606,8 миң сом же 98,8% (максаттуу трансферттер калдыгы 517,5 мин сом жылдын аягында республикалык бюджетке кайра кайтарылган).

*2022-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү (атайын каражат менен бирдикте)* 89,2% аткарылган же планда такталган сумма (активдер жана милдеттенмелери менен бирге) 180001,9 миң сом, кассалык чыгымдар 160179,1 миң сом. Анын ичинен: *“Мамлекеттик кызмат көрсөтүү”* бөлүгү боюнча планда 87514,3 миң сом, фактылай 76065,9 миң сомго аткарылган (86,9%), *“Экономикалык маселелер”* бөлүгү боюнча планда 4141,2 миң сом, фактылай 4070,1 миң сомго аткарылган (98,2%), *“Турак жай жана коммуналдык кызмат”* бөлүгү боюнча планда 31840,1 миң сом, фактылай 37354,1 миң сомго аткарылган (85,9%), *“Эс алуу, маданият жана дин”* бөлүгү боюнча планда 20754,7 миң сом, фактылай 20223,7 миң сомго аткарылган (97,4%), *“Билим берүү”* бөлүгү боюнча планда 28581,2 миң сом, фактылай 25491,3 миң сомго (89,1%), *“Социалдык коргоо*” бөлүгү боюнча планда 7170,4 миң сом, фактылай 6974,1 миң сомго аткарылган (97,3%).

*2023-жылдын башына* каражаттардын эркин калдыгы 19558,0 миң сом, анын ичинен: 18488,5 миң сомун бюджеттик каражаттар, 1069,5 миң сомун атайын каражаттар түзөт.

2023-жылга Ак-Талаа районунун жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша боюнча бекитилген жалпы суммасы 165397,1 миң сом, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр боюнча пландалган сумма 63914,7 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 15283,4 миң сом, республикалык бюджеттен өз ара берилүүчү теңдөөчү трансферт планы 86199,0 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү такталган план боюнча (эскертүү: республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 2023-жылдын планын тактоодо КР Финансы министирлиги аркылуу планга киргизилген) 75942,9 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр 26118,2 миң сом, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге 5499,8 миң сом, трансферттер 44324,9 миң сомду түзгөн.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 83187,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 31232,2 миң сом, 5114,0 миң сомго ашык аткарылган же 119,6 %, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 9366,8 миң сом, же 3867,0 миң сомго көп аткарылган, же 170,3%, республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 42588,6 миң сом же 96,1%.

*30.06.2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү* 64,9% аткарылган же планда такталган сумма (актив жана милдеттенмелери менен бирге) 95500,9 миң сом, кассалык чыгымдар 62008,9 миң сом. Анын ичинен: *“Мамлекеттик кызмат көрсөтүү”* бөлүгү боюнча планда 45459,3 миң сом, фактылай 38644,6 миң сомго аткарылган (85,0%), *“Экономикалык маселелер”* бөлүгү боюнча планда 1017,2 миң сом, фактылай 168,8 миң сомго аткарылган (16,6%), *“Турак жай жана коммуналдык кызмат”* бөлүгү боюнча планда 19168,2 миң сом, фактылай 6012,6 миң сомго аткарылган (31,4%), *“Эс алуу, маданият жана дин”* бөлүгү боюнча планда 10181,9 миң сом, фактылай 7682,8 миң сомго аткарылган (75,4%), *“Билим берүү”* бөлүгү боюнча планда 15461,3 миң сом, фактылай 5830,9 миң сомго (37,7%), *“Социалдык коргоо*” бөлүгү боюнча планда 4213,0 миң сом, фактылай 3669,2 миң сомго аткарылган (87%).

**Ак-Талаа районунун өнүктүрүү фондусу**

**1.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” 2021-жылдын 14-октябрындагы №220 токтому ( КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы №20 токтомуна ылайык күчүн жоготкон) менен бекитилген типтүү жобонун 13-пунктунун

негизинде Фонддун каражаттары .... ишкердик субъекттерин кредиттөөгө 30% чейин бөлүнүшү белгиленген. Жобонун негизинде 2022-жылга Байкоочу кеңештин төрагасы тарабынан бекитилген сметасында ишкердик субъекттерин кредиттөөгө 9061,0 миң сом, социалдык долбоорлорго 6040,6 миң сом баардыгы 15101,6 миң сом каралган. Бирок, ишкердик субъекттерин кредиттөөгө жана социалдык долбоорлорго акча каражат бөлүнгөн эмес.

**Корутунду:** "Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобонун" (КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы №20 токтомуна ылайык күчүн жоготкон) талаптарын бузууга жол берилген, 2022-жылга Байкоочу кеңештин төрагасы тарабынан бекитилген сметасында ишкердик субъекттерин кредиттөөгө 9061,0 миң сом, социалдык долбоорлорго 6040,6 миң сом каралган, бирок, ишкердик субъекттерин кредиттөөгө жана социалдык долбоорлорго акча каражат бөлүнгөн эмес.

**Сунуштама:** Ак-Талаа райондук өнүктүрүү фонду мекемесинин Байкоочу кеңеши долбоорлорду жактырууда КРӨнүн "Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары так сакталсын.

**2.Аныкталды:** Ак-Талаа райондук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланган төмөндөгү курулуш объекттерине аткарылган иштердин актылары аудит учурунда камсыздалбагандыгына байланыштуу аудит жүргүзүлгөн жок: Баетов айылынын "Жеңиш" паркына балдар ойноочу аянтча куруу жана парктын инфратүзүмүн жакшыртуу, келишимдин баасы 6803,3 миң сом; Баетов айылында айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо бөлүмүнүн имаратын оңдоп-түзөө, келишимдин баасы 167,5 миң сом; Баетов айылында "Афган-Баткен" жоокерлеринин эстелигинин айланасын тосуу, парктын инфраструктурасын оңдоо, келишимдин баасы 3713,3 миң сом.

*Мындан тышкары,* курулуш материалдарын камсыздоо жумуштарында белгиленген тартипте курулуш материалдарынын орнотуу актылары, аткаруучу иш-кагаздары толук түрдө алынган эмес.

**Сунуштама:** а) курулуш объектисинде баштапкы сметадан айырмаланып, жумуштардын көлөмдөрү өзгөрүүгө учураса, жумуштардын көлөмдөрүнө (изменения объемов от первоначальной тендерной сметы подрядчика) комиссиялык түрдө, бекитилген курамда кайра каралып чыксын жана наряд-заказ түзүү амалдары каралсын.

б) аткарылган иштердин актысын кабыл алууда техникалык көзөмөлдөөчүлөрү тарабынан негизги аткарылган жумуштардын жана көмүскөдө аткарылган жумуштардын көлөмдөрүнө өз убагында аткаруучу иш-кагаздары тиркелип кабыл алынсын. Аткаруучу иш-кагаздары жана тастыктоочу иш-кагаздары курулуш объекттери боюнча толук өлчөмдө алуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

в) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2017 жылдын 15-декабрындагы №11-нпа буйругу менен бекитилген жобонун укук-ченемдери буйрутмачы, техникалык көзөмөлдөөчү жана подрядчы тарабынан толук түрдө сакталсын.

г) Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 30-главасынын, 3-параграфынын беренелеринин жоболорун киргизүү менен, курулуш объекттеринин сапатына кепилдик мөөнөттөрү каралып чыксын.

д) курулуш объекттеринин бүткөрүү мөөнөттөрү реалдуу түрдө каралып чыгып, жумуштардын өзгөчөлүктөрүнө карата белгиленсин. Жумуштарды бүткөрүү мөөнөттөрүн узартуу иш-чаралары жүргүзүлсүн.

**Белгилей кетсек,** Ак-Талаа райондук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланган 2021-жылдан 2022-жылга чейинки мезгил аралыгында камсыздоо жумуштары (эмеректерди, инвентарларды ж.б. сатып алуу) жана кээ бир курулуш жумуштары аудиттин мүнөзүнө жараша курулуш аудиттин алкагында каралган жок.

Аудит мамлекеттик инспектор М. Алымкулов, Т. Ишеналиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Ак-Тал айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Тоголок Молдо айыл өкмөтү)

**1.Аныкталды:** Социалдык коргоо адиси Ж.Тентимишовага 2021-жылдын август айында кызматтан бошонуп кеткен, бирок, октябрь айында **2,2 мин сом** №10 ведомость аркылуу банктык эсебине которулуп берилген.

**Корутунду:** Социалдык коргоо адиси 2021-жылдын август айында кызматтан бошонуп кеткендигине карабастан, октябрь айында **2,2 мин сом** акча каражаты ашык которулуп берилген.

**Сунуштама:** КР Финансы Министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" жобого ылайык, бухгалтердик эсепте жана эмгек акы төлөөдө аласа бересе боюнча өз убагында чагылдыруу талаптары камсыздалсын. Мурдагы социалдык коргоо адисинин эсебинен ашык төлөнгөн **2,2 миң сом** калыбына келтирилсин.

**2.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **21,4 миң сомго** аныкталды. Анын ичинен: 2022-жыл үчүн тамак-аш боюнча 10,1 миң сомго, отун боюнча 11,3 миң сомго.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, 2022-жылга жалпы суммасы **21,4 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КРӨнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашык товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **21,4 миң сом** эсепке алынсын (тамак-аш боюнча 10,1 миң сом, отун боюнча 11,3 миң сом).

**3.Аныкталды:** Жайыт акылары боюнча 2023-жылдын 1-январына карата кассадагы калдыгы **5,6 мин сомду** түзгөн. Аудит учурунда 5,6 миң сом кийинки реформанын негизинде жаны уюшулган «Тоголок Молдо» муниципалдык ишканасынын эсеп счетуна төгүлдү.

**Корутунду:** Жайыт комитетинде жайыт акылары боюнча акча каражатынын 2023-жылдын 1-январына карата кассадагы калдыгы **5,6 мин сомду** түзгөн. Аудит учурунда 5,6 миң сом кийинки реформанын негизинде жаны уюшулган «Тоголок Молдо» муниципалдык ишканасынын эсеп счетуна төгүлдү.

**Сунуштама:** Жайыт акыларынын жергиликтүү бирдиктүү казыналык счетуна өз убагында кечиктирилбестен төгүлүшүнө көзөмөл жүргүзүлсүн.

**4. Аныкталды:** Ак-Тал айыл өкмөтүндө 144,0 миң сомго асбест трубаларын камсыздоо жумуштарын ишке ашыруу максатында алынып келинген курулуш материалдары колдонулган эмес жана Ак-Тал айылында кампада сактоодо тургандыгы аныкталган.

**Сунуштама:** Жалпы суммасы 144,0 миң сомдук курулуш материлдары айыл өкмөтү тарабынан жоопту кызматкерге коштомо кагазы аркылуу (накладной) сактоого өткөрүлүп берилсин, курулуш жумуштары бүткөрүлгөндөн кийин, комиссиялык түрдө белгиленген тартипте орнотуу актысы түзүлсүн.

Аудит маминспектор Т. Ишеналиев, тышкы адис К. Абдылдаев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Ак-Чий айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Кара-Бүргөн айыл өкмөтү)

**1. Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулардан жайыт акылары үчүн планы менен айыл өкмөтү тарабынан берилген статистикалык маалыматынын ортосунда жайыт акылардан түшө турган кирешелер боюнча айырма чыккандыгына байланыштуу, 2022-жылга **37,0 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Корутунду:** КР "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, жайыт акылары боюнча жалпы **37,0 мин сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Сунуштама:** КР "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 8-беренесинин **"**жайыт комитети жыл сайын жайыттарды пайдалануунун планын иштеп чыгат, жылдык планында пландаштырылган жылга жайыт белети берилген малдын тизмеси жана алардын ээлеринин-малчыларынын тизмесин камтыш керек" - деп көрсөтүлгөн талаптары так сакталсын.

**2. Аныкталды:** Ак-Чий айыл өкмөтүнүн Жаңы-Тилек айылында кичи-футболдук аянтчага курулуш материалдарын камсыздоо жумуштары боюнча 2 (эки даана) "Прожектор светодиодный" 1,9 миң сомдон жалпы **3,8 миң сомго** курулуш материалдары жетпей калган.

Ак-Чий айыл өкмөтүнө темир бетон столбаларын камсыздоону ишке ашыруу максатында алынган курулуш материалдары колдонулган эмес, себеби, жаңы конушун электркамсыздоого алынып келинген курулуш материалдары жер маселеси чечилбегенинен улам, орнотуу жүргүзүлгөн эмес.

Ак-Чий айыл өкмөтүндө муниципалдык имараттын оңдоп-түзөө жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоону ишке ашыруу максатында, алынган курулуш материалдары толук колдонулуп бүткөн эмес.

**Корутунду:** Ак-Чий айыл өкмөтүнүн Жаңы-Тилек айылында кичи-футболдук аянтчага курулуш материалдарын камсыздоо жумуштары боюнча 2 (эки даана) "Прожектор светодиодный" 1,9 миң сомдон жалпы **3,8 миң сомго** курулуш материалдары жетпей калган.

Ак-Чий айыл өкмөтүнө (797,9 миң сомдук) темир бетон столбаларын камсыздоону ишке ашыруу максатында алынган курулуш материалдары колдонулган эмес, себеби, жаңы конушун электркамсыздоого алынып келинген курулуш материалдары жер маселеси чечилбегенинен улам, орнотуу жүргүзүлгөн эмес.

Ак-Чий айыл өкмөтүндө (215,8 мин сомдук) муниципалдык имараттын оңдоп-түзөө жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоону ишке ашыруу максатында, алынган курулуш материалдары толук колдонулуп бүткөн эмес.

**Сунуштама:** Жаңы-Тилек айылында кичи-футболдук аянтчага курулуш материалдарын камсыздоо жумуштары боюнча **3,8 миң сомго** жетпей калган курулуш материалдары жоопту кызматкерлер тарабынан калыбына келтирилсин.

Айыл өкмөтү тарабынан темир бетон столбаларын камсыздоого алынган 797,9 миң сомдук курулуш материалдары жана муниципалдык имараттын оңдоп-түзөө жумуштарына алынган 215,8 миң сомдук курулуш материалдары айыл өкмөтүнүн жоопту адисине коштома кагазы (накладной) аркылуу жоопту сактоого бекитилип берилсин. Орнотуу иштери жүргүзүлгөн соң, орнотуу актысы комиссиялык түрдө түзүлсүн.

Аудит маминспектор Т. Ишеналиев, тышкы адис Ж. Касымалиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Баетов айыл өкмөтү**

**1.Аныкталды:** 2019-2020-жылдар аралыгына мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук толугу менен аткарылган эмес, айыл өкмөтүнүн 10 кызматкерине

тоолу аймакта иштеген стаждары үчүн ашык төлөнгөн жалпы 182,6 миң сом үстөктүн ичинен **61,5 миң сому** калыбына келтирилген эмес.

**Корутунду:** 2019-2020-жылдар аралыгына мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук толугу менен аткарылган эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйуруктарынын толук көлөмдө аткарылышы камсыздалсын.

**2.Аныкталды:** Айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы Т. Турусбековго айыл ичтерине жол белгилерин орнотуу, жөө адамдар жүрүүчү жолдорго жарыктандыруу системасын орнотуу, тротуарларды оңдоо, кайрадан куруу жана талаптарга жооп бере турган жол элементтерин орнотуу боюнча буюртмасын өз убагында аткарбагандыгына байланыштуу салынган **46,0 мин сом** айып пул айыл өкмөттүн эсебинен төлөнүп берилген.

**Корутунду:** Мурдагы өкмөтүнүн мурдагы башчысына салынган **46,0 мин сом** айып пул айыл өкмөттүн эсебинен төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Мурдагы өкмөтүнүн мурдагы башчысынын эсебинен **46,0 мин сом** айып пул өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

**3.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 3-главасынын 9§ параграфынын талаптарын бузууга жол берилген. "Алтын-муун-Наристе" атындагы бала бакчасынын тамак-аштарына инвентаризация жүргүзүүдө чарба башчысы А. Атабековдун жоопкерчилигиндеги баасы 510 сомдон 23 кг жалпы **11,7 миң сомдук** кой эти (23*510=11730 сом) жетпей калган.

**Корутунду:** "Алтын-муун-Наристе" атындагы бала бакчасында чарба башчысы А. Атабековдун жоопкерчилигиндеги баасы 510 сомдон 23 кг жалпы **11,7 миң сомдук** кой эти (23*510=11730 сом) жетпей калган. Аудиттен кийин калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Товардык-материалдык баалуулуктардын, негизги каражаттардын жана негизги каражаттардын сактыгы камсыздалсын.

**4.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 7-главасынын, 3§ параграфынын, 304-305-пункттарынын талаптарын бузууга жол берилген, сапар чыгымдары боюнча жалпы суммасы **5,5 мин сом** акча каражаты тастыктоочу иш кагаздары жок чыгышталган, бухгалтердик эсепте дебитордук карыз катары дагы көрсөтүлгөн эмес.

**Корутунду:** Сапар чыгымдары боюнча жалпы суммасы **5,5 мин сом** акча каражаты тастыктоочу иш кагаздары жок чыгышталган, бухгалтердик эсепте дебитордук карыз катары дагы көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Сапар чыгымдары боюнча тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылган **5,5 миң сом** калыбына келтирилсин.

**5.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, товарларды жана кызматтарды сатып алууда бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн, 2021-жылы 15765,0 миң сомго, 2022-жылы 1645,5 миң сомго, 2023-жылдын 1-июлуна чейин 139,9 миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, товарларды жана кызматтарды сатып алууда бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн, аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы *17550,4 миң сомго* сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**6.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында чарбакер субьекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү» тартибинин 4-главасынын 16-17-пункттарынын талаптарын бузууга жол берилген, жайыт пайдалануучулар бирикмесинде кассалык операцияларды жүргүзүүдө кассалык китепчеге кириш жана чыгыш ордерлер туура эмес катталган, банк аркылуу жүргүзүлгөн төлөмдөр да кассалык китепчеге катталган, кассалык китепченин көпчүлүк жеринде боёк менен боёлуп, оңдоолор жүргүзүлгөн жана калдык суммалар туура эмес коюлган.

**Корутунду:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде кассалык операцияларды жүргүзүүдө кассалык китепчеге кириш жана чыгыш ордерлер туура эмес катталган, банк аркылуу жүргүзүлгөн төлөмдөр да кассалык китепчеге катталган, кассалык китепченин көпчүлүк жеринде боёк менен боёлуп, оңдоолор жүргүзүлгөн жана калдык суммалар туура эмес коюлган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында чарбакер субьекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү» тартибинин талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**7. Аныкталды:** Курулуш иштери боюнча:

- Баетов айыл өкмөтүнүн ички жолдоруна шагыл төгүү жана түздөө кызматын ишке ашыруу максатында, подрядчы "Аза Универсал Компани" ЖЧКсы менен 2022-жылдын 24-октябрында 1500,0 миң сомдук подряддык келишим түзүлгөн, акча каражаттары которулуп берилген. Аталган объект боюнча бардыгы 1500,0 миң сомго 2022-жылы өткөрүп алуу актысы, чыгыш актысы жана эсеп-фактуралары аркылуу буйрутмачы Баетов айыл өкмөтүнөн комиссия мүчөлөрү тарабынан кол коюлуп кабыл алынган жана подрядчы "Аза Универсал Компани" ЖЧКнын жетекчиси А.Таштанкулов тарабынан өткөрүлүп берилген. Жумуштарды эсептөө базар баасында эсептелинип, бардыгы 500 каттам (рейс)*3,0 миң сом=1500,0 миң сом деп алынган.

Ал эми, көчөлөргө төгүлгөндүгү жөнүндө маалымат 2022-жылы түзүлгөн чыгыш актысына ылайык, ар бир көчөгө канча каттам (рейс) кум-шагыл төгүлүп, түздөлгөндүгү жөнүндө акт түзүлүп, Баетов айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан бекитилген. Жумуштардын баасы базар баасында эсептелинип, 2022-жылдын алкагында жүргүзүлүп жана аудитке аткаруучу иш-кагаздары берилбегендигине байланыштуу аудит жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок.

- Баетов айыл өкмөтүнүн ички жолдоруна шагыл төгүү жана түздөө кызматын ишке ашыруу максатында, буйрутмачы Баетов айыл өкмөтүнүн башчысы А. Абдылдаев менен подрядчы "Аза Универсал Компани" ЖЧКсы менен 2021-жылдын 3-августунда 780,0 миң сомдук подряддык келишим түзүлгөн, акча каражаты которулуп берилген. Жалпы 780,0 миң сомго 2021-жылы өткөрүп алуу актысы, чыгыш актысы жана эсеп-фактуралары аркылуу буйрутмачы Баетов айыл өкмөтүнөн комиссия мүчөлөрү тарабынан кол коюлуп кабыл алынган жана подрядчы тарабынан өткөрүлүп берилген. Аталган келишимдин алкагында жумуштарын эсептөө базар баасында эсептелинип, бардыгы 300 каттам (рейс)*1,0 миң сом=300,0 миң сом ЗИЛ автоунаасы менен, бардыгы 300 каттам (рейс)*1,6 миң сом=480,0 миң сом КАМАЗ автоунаасы менен деп белгиленген.Ал эми көчөлөргө төгүлгөндүгү жөнүндө маалымат 2021-жылы түзүлгөн чыгыш актысына ылайык, ар бир көчөгө канча каттам (рейс) кум-шагыл төгүлүп, түздөлгөндүгү жөнүндө акт түзүлүп, Баетов айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан бекитилген. Жумуштардын баасы базар баасында эсептелинип, 2021-жылдын алкагында жүргүзүлүп жана аудитке аткаруучу иш-кагаздары берилбегендигине байланыштуу аудит жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок.

- Баетов айыл өкмөтүндө суу чыгаруу кызматы жана курулуш материалдарын камсыздоону ишке ашыруу максатында камсыздоочу ЖИ Г.Аманкулова менен 188,3 миң сомдук подряддык келишим түзүлгөн, акча каражаты которулуп берилген.Кызмат көрсөтүү боюнча 89,7 миң сомго базар баасында өткөрүп алуу актысы түзүлүп, Баетов

айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан кабыл алынган. Аудитке аткарылган иштердин чечмелөөсү берилбегендигине байланыштуу жана базар баасында түзүлгөнүнөн улам аудит жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок. Аталган объект боюнча бардыгы 98,6 миң сомго эсеп-фактурасы аркылуу буйрутмачы Баетов айыл өкмөтүнө камсыздоочу ЖИ Г. Аманкулова тарабынан өткөрүлүп берилген. Аталган курулуш материалдары боюнча аудитке орнотуу актысы берилбегендигине байланыштуу, кайсы жерге орнотулгандыгы боюнча тастыктоочу иш-кагаздары жок аудит жүргүзүлгөн жок.

***Сунуштама:*** Баетов айыл өкмөтүндө суу чыгаруу кызматы жана курулуш материалдарын камсыздоо объектиси боюнча орнотуу актысын түзүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп, толукталсын. Кызмат адамдарын жоопкерчилиги каралсын.

- Баетов айыл өкмөтүнө темир тосмо орнотуу жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоону ишке ашыруу максатында камсыздоочу “Аваз Строй” ЖЧКсы менен 2022-жылдын 22-апрелинде 1060,2 миң сомдук подряддык келишим түзүлгөн, акча каражаты которулуп берилген. Жалпы 1060,2 миң сомго өткөрүп алуу актысы жана эсеп-фактуралары кол коюлуп кабыл алынган жана камсыздоочу тарабынан өткөрүлүп берилген.

Аталган жумуштар толук бүткөрүлбөгөндүгүнө байланыштуу жана азыркы учурда курулуш материалдары толук колдонулбай, ЖКХ адиси С. Райкан уулунун жоопкерчилигинде тургандыгына байланыштуу аудит жүргүзүлгөн жок.

***Сунуштама:*** “Баетов айыл өкмөтүнө темир тосмо орнотуу жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоо” объектиси боюнча 2023-жылдын мезгил аралыгын текшерүүдө өтүүчү курулуш объектиси катары (переходящий) чогуу текшерүүгө алынсын.

Ал эми, курулуш материалдары толук орнотулган соң, жооптуу адистер тарабынан (ЖКХ адиси Райкан у. С.) Баетов айыл өкмөтүнө комиссиялык түрдө орнотуу актысы белгиленген тартипте (схема, чертежи, исполнительная документация и т.п.) түзүлүп, курулуш иштери эксплуатацияга кабыл алынсын.

- Баетов айыл өкмөтүндө ички көчөлөргө суу чыгаруу үчүн жер казуу (бурение) кызматын ишке ашыруу максатында подрядчы ЖИ Г. Мурзабекова менен 2021-жылдын 16-августунда 590,0 миң сомдук подряддык келишим түзүлгөн, акча каражаты которулуп берилген.Жумуштардын аткарылгандыгы жөнүндө 4-тилке боюнча 50-метр тереңдиктен суу чыгарылгандыгы боюнча актылары далил катары берилген. Аудитке подрядчы тарабынан аткарылган жумуштардын актысы, тендердик сметасы, аткаруучу иш-кагаздары, фотоматериалдар берилбегендиктен аудит өткөрүүгө мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:** Баетов айыл өкмөтүндө ички көчөлөргө суу чыгаруу үчүн жер казуу (бурение) кызматы боюнча аткарылган иштердин актысы, тендердик сметасы, аткаруучу иш-кагаздары, фотоматериалдар толукталсын.

Аудит мамлекеттик инспекторлор Т. Ишеналиев, И. Артукбаев тарабынан жүргүзүлгөн.

**“Баетов таза суу, таза аймак” муниципалдык ишканасы**

**1.Аныкталды:** 2022-жылдын 1-апрелинде Баетов айыл өкмөтү, Баетов таза суу, таза аймак муниципалдык ишканасы жана Т.Сапарбековдун ортосундагы 3-тараптуу келишиминде Т.Сапарбеков өздүк жүк тартуучу автоунаасы менен Баетов жана Кайыңды-Булак айылдарындагы муниципалдык менчикке тиешелүү болгон жерлердин (көчөлөр, тротуарлар, парктар, сквер) таштандыларын чырууга милдеттендирилип, ар бир рейсине 3,5 миң сомдон төлөнөт деп көрсөтүлгөн. Бирок, жогорудагы келишимде көрсөтүлбөгөндүгүнө карабастан, Т.Сапарбековдун өздүк счету жок болгондугунан, юридикалык тараптардан таштанды үчүн төлөөчү **53,9 миң сом** акча каражатын МИнин счетуна котортуп, кайра Т. Сапарбековго которуп беришкен.

**Корутунду:** Баетов айыл өкмөтү, Баетов таза суу, таза аймак муниципалдык ишканасы жана Т.Сапарбековдун ортосунда түзүлгөн Т.Сапарбеков өздүк жүк тартуучу автоунаасы менен Баетов жана Кайыңды-Булак айылдарындагы муниципалдык менчикке

тиешелүү болгон жерлердин (көчөлөр, тратуарлар, парктар, сквер) таштандыларын чыруу боюнча 3-тараптуу келишиминин талаптарын бузуу менен, Т.Сапарбековдун өздүк счету жок болгондугунан, юридикалык тараптардан таштанды үчүн төлөөчү **53,9 миң сом** акча каражатын МИнин счетуна котортуп, кайра Т. Сапарбаековго которуп беришкен.

**Сунуштама:** Мындан ары, Баетов айыл өкмөтү, Баетов таза суу, таза аймак муниципалдык ишканасы жана Т.Сапарбековдун ортосунда түзүлгөн 3-тараптуу келишиминде көрсөтүлгөн талаптар так сакталсын.

**2.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын (2015-жылдын 3-апрелиндеги №72) "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 2-пунктунда «кезектеги финансылык жылга же пландоонун башка мезгилине карата мамлекеттик сатып алуулардын натуралай жана акчалай көрсөтүлгөн планын иштеп чыгат жана аны мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырат» деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылбастан, (2021-жылы 263,5 миң сомго, 2022-жылы 533,4 миң сомго) жалпы *796,9 миң сомго* келишимди тикелей түзүү ыкмасынын негизинде сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын (2015-жылдын 3-апрелиндеги №72) "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 2-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылбастан (2021-жылы 263,5 миң сомго, 2022-жылы 533,4 миң сомго) жалпы ***796,9 миң сомго*** келишимди тикелей түзүү ыкмасынын негизинде сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин.

**3.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө жобосунун" 5-главасында "чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин бардык накталай акчалары жана баалуу кагаздары күйбөй турган металл шкафтарда сакталат, ал эми күзөт сигнализациясы болгон учурларда - комбинациялуу жана жөнөкөй металл шкафтарда сакталып, алар кассанын иши аяктаганда ачкыч менен бекитилет" - деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, МИде металл шкафтар менен камсыздалган эмес. Мындан тышкары, КРӨнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтеринин жүгүртүлүшү жөнүндө жобосунун" талаптарын бузууга жол берилген, эсеп кысап жүгүртмө баракчалары, регистирлер жргүзүлбөйт жана бухгалтердик баланс түзүлбөйт.

**Корутунду:** "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө жобосунун" жана КРӨнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтеринин жүгүртүлүшү жөнүндө жобосунун" талаптарын бузууга жол берилген, МИнин кассасы металл шкафтар менен камсыздалган эмес. Мындан тышкары, эсеп кысап жүгүртмө баракчалары, регистирлер жүргүзүлбөйт жана бухгалтердик баланс түзүлбөйт.

**Сунуштама:** КРӨнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө жобосунун" талаптары так сакталсын.

**4.Аныкталды:** Муниципалдык ишкананын жетекчилиги тарабынан материалдык-жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлгөн эмес жана негизги каражаттарга жана бат керектен чыгуучу буюмдарга (МБП) эсеп жүргүзүлгөн эмес.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” талаптарын бузууга жол берилген, материалдык-жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлгөн эмес жана негизги каражаттарга жана бат керектен чыгуучу буюмдарга (МБП) эсеп жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” талаптары так сакталсын.

**5. Аныкталды:** Баетов айылдык кеңешинин токтому менен бекитилген ичүүчү суунун тарифи Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн астындагы монополияга каршы жөнгө салуу Мамлекеттик агентствосунун Нарын областтык бөлүмүнөн макулдашылган эмес.

**Корутунду:** Ичүүчү суунун тарифи Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн астындагы монополияга каршы жөнгө салуу Мамлекеттик агентствосунун Нарын областтык бөлүмүнөн макулдашылган эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” Жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит мамлекеттик инспектор М. Алымкулов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Жаңы-Талап айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Тоголок Молдо айыл өкмөтү)

**1.Аныкталды:** 2021-жылга карата жергиликтүү бюджеттин резервдик фондунун каражаттарынын өлчөмүн бекитүүдө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесин талаптарын бузууга жол берилген, айылдык кеңешинин 2021-жылга 20,1 миң сомго бекитилген. 2021-жылы жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын көлөмү 1659,1 миң сомду түзгөн, 1 пайызы 16,6 миң сомду түзөт, жыйынтыгында **3,5 миң сомго** ашык бекитилген, 2021-жылга 31,3 миң сомго бекитилген. 2022-жылы жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын көлөмү 2439,8 миң сомду түзгөн, 1 пайызы 24,4 миң сомду түзөт, жыйынтыгында **6,9 миң сомго** ашык бекитилген.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесин талаптарын бузууга жол берилген, резервдик фонд **10,4 миң сомго** ашык бекитилген.

**Сунуштама:** Жергиликтүү бюджеттин резервдик фондунун каражаттарынын өлчөмүн бекитүүдө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин талаптары так сакталсын.

**2.Аныкталды:** Мектептин имаратынан эки бөлмө жеке ишкерлерге Г. Эсеналиева жана З. Кулунчаковага 2022-жылдын 26-майынан 1-жылдык мөөнөткө айыл өкмөтү менен келишим түзүлүп, айына 500 сомдон ижарага берилип, жалпы суммасы **12,0 миң сом** ижара акысы өндүрүлгөн эмес.

**Корутунду:** Жалпы суммасы **12,0 миң сом** ижара акысы өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Жеке ишкерлер Г. Эсеналиева жана З. Кулунчаковалардын эсебинен жалпы **12,0 миң сом** ижара акысы өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

**3. Аныкталды:** Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлеринин ижарачыларынан жалпы суммасы **176,0 миң сом** ижара акылары өндүрүлгөн эмес.

**Корутунду:** Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлеринин ижарачыларынан жалпы суммасы **176,0 миң сом** ижара акылары өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлеринин ижарачыларынан жалпы суммасы **176,0 миң сом** ижара акысы өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

**4. Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 «Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө» токтомунун 4-пунктунун 1-пунктчасында «Кызматкерге төлөөчү компенсациянын өлчөмүндө кызматтык сапарга пайдаланылган жеке менчик жеңил автомобилди эксплуатациялоо үчүн 100 км жолго кетүүчү чыгымдар (эскиришинин суммасы, күйүүчү-майлоочу материалдарга, техникалык тейлөөгө жана утурумдук ремонтко чыгымдар) эсепке алынат. Ошондой эле, *запастык тетиктерге да чегерүү каралган жок* (алардын автомобилге иш жүзүндө керектелишин эске алуу зарылдыгына байланыштуу)» деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, 2021-жылы келишимдин негизинде пайдаланылган автоунаанын унаа тетиктерине **19,8 миң сом** сарпталган.

**Корутунду:** 2021-жылы келишимдин негизинде пайдаланылган автоунаанын унаа тетиктерине **19,8 миң сом** сарпталган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 «Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө» токтомунун 4-пунктунун 1-пунктчасынын талаптары так сакталсын жана тийиштүү адамдар тарабынан **19,8 миң сом** калыбына келтирилсин.

**5.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ (отун) жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **167,1 миң сомго** аныкталды, анын ичинен: 2021-жылы 71,8 миң сом, 2022-жылы 95,3 миң сом.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, 2022-жылга жалпы суммасы **167,1 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашык запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашык товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **95,3 миң сом** эсепке алынсын.

**6. Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 1-пунктунда «сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюм сатып алуулар уюмун түзөт же бул милдеттерди өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине жүктөйт»-деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, сатып алуулар бөлүмү түзүлгөн эмес.

Ошондой эле, 10-беренесинин 2-пунктунда « кезектеги финансылык жылга же пландоонун башка мезгилине карата мамлекеттик сатып алуулардын натуралай жана акчалай көрсөтүлгөн планын иштеп чыгат жана аны мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырат» деп көрсөтүлгөн. 2021-жылы мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылбастан, Ак-Талаа райондук токой чарбасынан көчөт алууга 43,0 миң сом, 2022-жылы 2,0 миң сом баардыгы ***45,0 миң сом*** которулуп берилген.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, сатып алуулар бөлүмү түзүлгөн эмес, сатып алуулар веб-порталына жайгаштырылбастан жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын талаптары так сакталсын.

**7.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик Кодексинин 88-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык, “социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын аткаруу органдары тарабынан иштелип чыгат жана ушул Кодекстин талаптарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан бекитилет...”, - деп көрөтүлгөндүгүнө карабастан, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары бекитилген эмес.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин талаптарын бузууга жол берилген, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары бекитилген эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин талаптары так сакталсын.

**8. Аныкталды:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 токтомуна (КР Министрлер Кабинетинин 14.01.22–ж. №9 мыйзамына ылайык күчүн жоготкон) жана КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтомуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөө үчүн нөөмөттүк жеңил автотранспорттун санынын лимити айылдык аймактар үчүн 1 (бир) бирдик автоунаа - деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, айыл өкмөтүнүн балансында 2 бирдик кызматтык автоунаа катталган.

**Корутунду:** Айыл өкмөтүнүн балансында 1 бирдик кызматтык автоунаа ашык каржыланат.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт каражаттарын кыскартуу аркылуу мамлекеттик бюджетти үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун ченемдерине ылайык, кызматтык автоунаалардын саны дал келтирилсин.

Аудит мамлекеттик инспектор М. Алымкулов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Жерге-Тал айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Ала-Буга айыл өкмөтү)

**1. Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулардан жайыт акылары үчүн планы менен айыл өкмөтү тарабынан берилген статистикалык маалыматынын ортосунда жайыт акылардан түшө турган кирешелер боюнча айырма чыккандыгына байланыштуу, жалпы **291,0 миң сомго** (2021-жылы 150,0 мин сомго, 2022-жылы 141,0 миң сомго) бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Корутунду:** КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, жайыт акылары боюнча жалпы **291,0 мин сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Сунуштама:** КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесинин **“**жайыт комитети жыл сайын жайыттарды пайдалануунун планын иштеп чыгат, жылдык планында пландаштырылган жылга жайыт белети берилген малдын тизмеси жана алардын ээлеринин-малчыларынын тизмесин камтыш керек” - деп көрсөтүлгөн талаптары так сакталсын.

Аудит тышкы адис Ж. Касымалиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кара-Бүргөн айыл өкмөтү**

**1.Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулардан жайыт акылары үчүн планы менен айыл өкмөтү тарабынан берилген статистикалык маалыматынын ортосунда жайыт

акылардан түшө турган кирешелер боюнча айырма чыккандыгына байланыштуу, 2021-жылга **73,0 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Корутунду:** КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, жайыт акылары боюнча жалпы **73,0 мин сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Сунуштама:** КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесинин **“**жайыт комитети жыл сайын жайыттарды пайдалануунун планын иштеп чыгат, жылдык планында пландаштырылган жылга жайыт белети берилген малдын тизмеси жана алардын ээлеринин-малчыларынын тизмесин камтыш керек” деп көрсөтүлгөн талаптары так сакталсын.

Аудит тышкы адис Ж. Касымалиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Көк-Жар айыл өкмөтү**(кошулгандан кийин Тоголок Молдо айыл өкмөтү)

**1.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ (отун) жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **63,5 миң сомго** аныкталды.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, 2022-жылга жалпы суммасы **63,5 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашык запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашык товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **63,5 миң сом** эсепке алынсын.

**2. Аныкталды:** Айыл өкмөтүндө Миң-Булак айылындагы “Миң-Булак” СООППВнын башкы каптажын тосуу үчүн курулуш материалдарын камсыздоо боюнча **а**лынып келинген курулуш материалдары толук колдонулган, бирок, орнотуу актылары түзүлгөн эмес.

**Корутунду:** Көк-Жар айыл өкмөтүндө Миң-Булак айылындагы “Миң-Булак” СООППВнын башкы каптажын тосуу үчүн алынып келинген курулуш материалдары орнотулуп, бирок, орнотуу актылары түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** “Миң-Булак” СООППВнын башкы каптажын тосуу үчүн пайдаланылган жалпы суммасы 127,8 миң сомдук курулуш материлдарына айыл өкмөтү тарабынан комиссиялык түрдө белгиленген тартипте орнотуу актысы түзүлсүн.

Аудит маминспектор Т. Ишеналиев, тышкы адис К. Абдылдаев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Конорчок айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Ала-Буга айыл өкмөтү)

**1. Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулардан жайыт акылары үчүн планы менен айыл өкмөтү тарабынан берилген статистикалык маалыматынын ортосунда жайыт акылардан түшө турган кирешелер боюнча айырма чыккандыгына байланыштуу, жалпы **92,8 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан (2021-жылы 39,4 миң сомго, 2022-жылга 53,4 миң сомго).

**Корутунду:** КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, жайыт акылары боюнча жалпы **92,8 мин сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Сунуштама:** КР "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 8-беренесинин **"**жайыт комитети жыл сайын жайыттарды пайдалануунун планын иштеп чыгат, жылдык планында пландаштырылган жылга жайыт белети берилген малдын тизмеси жана алардын ээлеринин-малчыларынын тизмесин камтыш керек" деп көрсөтүлгөн талаптары так сакталсын.

Аудит тышкы адис Т. Ажиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кош-Дөбө айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Ала-Буга айыл өкмөтү)

**1.Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулардан жайыт акылары үчүн планы менен айыл өкмөтү тарабынан берилген статистикалык маалыматынын ортосунда жайыт акылардан түшө турган кирешелер боюнча айырма чыккандыгына байланыштуу, жалпы **142,5 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан (2021-жылы 63,2 миң сомго, 2022-жылга 79,3 миң сомго).

**Корутунду:** КР "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, жайыт акылары боюнча жалпы **142,5 мин сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Сунуштама:** КР "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 8-беренесинин **"**жайыт комитети жыл сайын жайыттарды пайдалануунун планын иштеп чыгат, жылдык планында пландаштырылган жылга жайыт белети берилген малдын тизмеси жана алардын ээлеринин-малчыларынын тизмесин камтыш керек" - деп көрсөтүлгөн талаптары так сакталсын.

**Белгилей кетсек,** подрядчы "Альбатрос Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан "Кош-Дөбө айылында ПЭ түтүктөрүн туташтыруу жумуштары боюнча" 149,0 миң сомдук аткарылган иштердин актысы базар баасында эсептелингендигине байланыштуу, аудитке аткаруучу иш-кагаздары, аткарылган иштердин актысынын чечмелөөлөрү берилбегендигине байланыштуу аудит жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок.

Аудит маминспектор Т. Ишеналиев, тышкы адис Т. Ажиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кызыл-Белес айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Тоголок Молдо айыл өкмөтү)

**1.Аныкталды:** Айыл өкмөтү менен "Ийгиликтүү аймак МТС" муниципалдык ишканасынын ортосунда түзүлгөн 2021-жылдын 30-апрелиндеги №1 келишимде МИ ар бир жыл сайын жүргүзгөн ишмердүүлүгүнүн негизинде айыл өкмөтүнүн бюджетине 200,0 мин сомдон төлөп берилет деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, 2022-жылдын 30-декабрында 100,0 миң сом төлөнүп берилген, келишимдин шарты боюнча дагы **300,0 миң сом** төлөнгөн эмес.

**Корутунду:** Айыл өкмөтү менен "Ийгиликтүү аймак МТС" муниципалдык ишканасынын ортосунда түзүлгөн келишимдин талаптарын бузууга жол берилген, 2022-жылдын 30-декабрында 100,0 миң сом төлөнүп берилген, жүргүзгөн ишмердүүлүгүнүн негизинде айыл өкмөтүнүн бюджетине **300,0 мин сом** төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:** "Ийгиликтүү аймак МТС" муниципалдык ишканасынын эсебинен **300,0 мин сом** өндүрүлүп, бюджетке котрулсун.

**2.Аныкталды:** Кызыл-Белес айыл өкмөтүнө ФАПтын курулуш жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоодо **40,9 миң сомдук** курулуш материалдары жетпей калган (брусчатка, 5м2*700=3,5 миң сом; бордюр, 30м*300=9,0 миң сом; циркулярный сордургуч, 1-даана*4000=4,0 миң сом; кольцо, 7 даана*3000=21,0 миң сом; кольцого капкак, 2-даана*1000=2,0 миң сом; канализацияга түтүк, 10м*135=1,4 миң сом).

Кызыл-Белес айылында (130,0 миң сомдук) расколдун курулуш жумуштарына темир трубаларын камсыздоого жана (140,0 миң сомдук) түнкү чырактарын орнотуу жумуштарына алынып келинген курулуш материалдары толук колдонулган эмес.

**Корутунду:** Кызыл-Белес айыл өкмөтүнө ФАПтын курулуш жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоодо **40,9 миң сомдук** курулуш материалдары жетпей калган.

Кызыл-Белес айылында (130,0 миң сомдук) расколдун курулуш жумуштарына темир трубаларын камсыздоого жана (140,0 миң сомдук) түнкү чырактарын орнотуу жумуштарына алынып келинген курулуш материалдары толук колдонулган эмес.

**Сунуштама:** Кызыл-Белес айыл өкмөтүнө ФАПтын курулуш жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоодо жетпей калган **40,9 миң сомдук** курулуш материалдары жооптуу кызматкерлер тарабынан калыбына келтирилсин.

Кызыл-Белес айылында (130,0 миң сомдук) расколдун курулуш жумуштарына темир трубаларын камсыздоого жана (140,0 миң сомдук) түнкү чырактарын орнотуу жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоого алынып келинген курулуш материалдары жооптуу кызматкерге коштомо кагазы аркылуу (накладной) сактоого өткөрүлүп берилсин, курулуш жумуштары бүткөрүлгөндөн кийин, комиссиялык түрдө белгиленген тартипте орнотуу актысы түзүлсүн.

Аудит маминспектор Т. Ишеналиев, тышкы адис Ж. Касымалиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Терек айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Баетов айыл өкмөтү)

1. **Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **190,8 миң сомго** аныкталды. Анын ичинен: 2021-жыл үчүн тамак-аш боюнча 14,3 миң сомго, отун боюнча 40,5 миң сомго; 2022-жыл үчүн отун боюнча 136,0 миң сомго.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, жалпы суммасы **190,8 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашык запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашык товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **136,0 миң сом** эсепке алынсын.

**2.Аныкталды:** Терек айылында спортзалдын оңдоп-түзөө жумуштарын ишке ашыруу максатында, подрядчы ЖИ Г. Мурзабекова менен 2021-жылдын 2-ноябрында 200,0 миң сомдук подряддык келишим түзүлгөн, акча каражаттары которулуп берилген. Аталган объект боюнча аудитке подрядчы тарабынан тапшырылган жана буйрутмачы тарабынан кабыл алынган аткарылган иштердин актысы, подрядчынын тендердик сметасы аудитке берилбегендигине байланыштуу аудит жүргүзүлгөн жок.

**Сунуштама:** Аудитке берилбеген подрядчы тарабынан тапшырылган жана буюртмачы тарабынан кабыл алынган аткарылган иштердин актысы, подрядчынын тендердик сметасы, аткаруучу иш-кагаздары, фотоматериалдар калыбына келтирилсин.

Аудит мамлекеттик инспекторлор И. Артукбаев, Т. Ишеналиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Тоголок Молдо айыл өкмөтү**

**1. Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ (отун) жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **67,8 миң сомго** аныкталды.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, 2022-жылга жалпы суммасы **67,8 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашык запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашык товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **67,8 миң сом** эсепке алынсын.

**2. Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин 1-пунктунда «сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюм сатып алуулар уюмун түзөт же бул милдеттерди өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине жүктөйт» - деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, сатып алуулар уюму түзүлгөн эмес.

Ошондой эле, 10-беренесинин 2-пунктунда « кезектеги финансылык жылга же пландоонун башка мезгилине карата мамлекеттик сатып алуулардын натуралай жана акчалай көрсөтүлгөн планын иштеп чыгат жана аны мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырат» деп көрсөтүлгөн. 2021-жылы мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылбастан "Асман Билдинг" ЖЧКга **90,0 миң сом** которулуп берилген.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, сатып алуулар уюму түзүлгөн эмес, сатып алуулар веб-порталына жайгаштырылбастан жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**3.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик Кодексинин 88-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык, "социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын аткаруу органдары тарабынан иштелип чыгат жана ушул Кодекстин талаптарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан бекитилет...", - деп көрөтүлгөндүгүнө карабастан, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары бекитилген эмес.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин талаптарын бузууга жол берилген, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары бекитилген эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин талаптары так сакталсын.

**4.Аныкталды:** Айыл өкмөтүндө Ж. Сатылганов орто мектебинин жылуулук системасынын оңдоп-түзөө жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоо боюнча (195,2 мин сомдук) алынып келинген курулуш материалдары оңдоп-түзөө жумуштарына колдонулган, бирок орнотуу актылары түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Ж. Сатылганов орто мектебинин жылуулук системасынын оңдоп-түзөө жумуштарына пайдаланылган 195,2 миң сомдук курулуш материлдарына айыл өкмөтү тарабынан комиссиялык түрдө белгиленген тартипте орнотуу актысы түзүлсүн.

Аудит мамлекеттик инспекторлор М. Алымкулов, Т. Ишеналиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Үгүт айыл өкмөтү** (кошулгандан кийин Баетов айыл өкмөтү)

**1. Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ (отун) жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **46,2 миң сомго** аныкталды.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, 2022-жылга жалпы суммасы **46,2 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашык запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашык товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **46,2 миң сом** эсепке алынсын.

**2.Аныкталды:** Байгончок айылында клубдун оңдоп-түзөө жумуштарына курулуш материалдарын камсыздоону ишке ашыруу максатында, камсыздоочу ЖИ А.Бектуров менен 2021-жылдын 25-октябрында 498,0 миң сомдук подряддык келишим түзүлгөн, мындан тышкары 2021-жылдын 12-августунда 155,5 миң сомдук аталган долбоордун алкагында келишим түзүлгөн.Келишимдердин жалпы наркы 653,5 миң сом болгон. Подряддык келишимдин негизинде подрядчынын эсептик эсебине Ак-Талаа райондук өнүктүрүү фонду тарабынан 498,0 миң сом ал эми жергиликтүү бюджеттин эсебинен 155,5 акча каражаттары которулуп берилген. Аталган объект боюнча бардыгы 653,5 миң сомго курулуш материалдары аткарылгган иштердин актысы Үгүт айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү тарабынан кол коюлуп кабыл алынган. Бирок, Байгончок айылында клубдун оңдоп-түзөө жумуштары толук көлөмдө бүткөрүлгөн эмес жана курулуш материалдары толук колдонулбагандыгы аныкталган.

**Сунуштама:** Баетов айыл өкмөтү тарабынан орнотуу актысы түзүлсүн, ашып калган курулуш материалдары комиссиялык түрдө актыланып, жооптуу кызматкерлерге сактоого өткөрүлүп берилсин.

Аудит мамлекеттик инспекторлор И. Артукбаев, Т. Ишеналиев тарабынан жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө, райондук мамлекеттик администрациясынын башчысына айылдык Кеңештин төрагаларына - Отчет;
- аудит жүргүзүлгөн мекемелердин, ишканалардын жетекчилерине аудиттин жыйынтыгы жөнүндөгү Жазма буйруктар, Сунуштар жөнөтүлгөн.

**Мамлекеттик инспектор** **И. Артукбаев**